“БЕКИТЕМИН”
ЭАББПЖМнын
директору профессор
Турсунов Д.А.
________
«_14_» _февраль_ 2023-ж.

ЭАББПЖМнин 23-февраль Ата -Мекенди коргоо күнүнө карата Студенттердин ортосундагы “**Сергек жашоо жана ден соолук жылына”** арналган **«Дени сак улут, дени сак жашоо**» аттуу эстафеталык оюндун

**ЖОБОСУ**

Ушул жобо ОшМУнун ЭАББПЖМде өтүлүүчү эстафеталык оюндун эрежелерин аныктайт.

1. **Мелдештин максаты жана милдети**

-Студенттердин ден соолугун чыңдоо. спортко болгон кызыгуусуп өркүндотүү:

-Дене тарбия жана спорт студенттердин арасында үгүттөө жана спорт менен
машыгууга үндөө;

- Студенттерди сергек жашоо образы менен тааныштыруу;

- Студенттерди ортосунда достук мамилелерди жана ынтымакты арттыруу;

2. **Мелдешти өткөрүүнү жетектөө**

ОшМУнун ЭАББПЖМнин спорттун түрлөрү боюнча жалпы калыстар тобуна жүктөлөт.

3. **Мелдештин катышуучулары**

ЭАББПЖМ күндүзгү бөлүмүндө 1-2 курстардын күндүзгү бөлүмүндөгү окуган балдар командалары катышат. Мандаттык комиссияга ЭАББПЖМнин Студент өзүнүн оокуган бөлүмүнүн командасына гана катышууга укуктуу.

Турнирге катышууну ырастоо үчүн арыздар 2023-жылдын 20-февраль саат 11:00гө чейин shymkarbekazimbaev@gmail.com электрондук дареги жана 0556-48-25-55 WhatsApp номери аркылуу кабыл алынат. Командалар үчүн чүчүкулак 2023-жылдын 21-февраль саат 12:00дө башталат.

4. **Мелдешти өткөрүү мөөнөтү**

Мелдеш 2023-жылдын 21- февраль күнү өткөрүлөт. Командалардын өтүнүчтөрүн (заявка) 20- февраль саат 11:00дөн кабыл алып баштап, 21- февраль саат 12:00 дө токтотулуп, 12:00 дө чүчү кулак тартылат. 21- февраль саат 14:20 гө чейин өтүнүч бербеген командалар спартакиадага катышпайт.

Эстафета оюндун ачылышы: 2023-жылдын 21- февраль саат 14:00 дө ОшМУнун педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин спорт аянтчасында болот.

Спорттук оюндар төмөндө көрсөтүлгөн график боюнча өткөрүлөт

**Мелдештин графиги:**

| № | Спорттун туру | Отулучуу орду | Калыстар |
|---|---|---|---|
| 1 | Эстафета оюндары | Педфактын спорт аянтчасы | Окен уулу Шумкарбек. |

5. **Эстафета боюнча мелдешти өткөрүү тартиби**

Командалардын курамы 5 оюнчудан болуп чыгат. Оюн төрт бөлүктөн турат. Оюндун жүрүшүндө алмашуулар чектелбейт, жеңүүчү командага 3 упай, тең чыгуулар 1 упай жана утулуу 0 деген упай берилип тайпадагы орундар топтогон упайлары менен аныкталат. Эгерде тайпалык оюндарда командаларда топтогон упайлар бирдей болдуп чыкса анда:

-эки команданын беттеши;

-жеңиштердин саны;

- бардык беттештердеги топтордун айырмасы.

Оюндарда эки сары айып кагазын алган оюнчу кийинки бир оюндан четтетилсе, оюнда кызыл айып кагазын алган оюнчу оюндан четтетилип кийинки бир оюнду да өткөрө албайт.

Командалар үч тайпага бөлүнгөн учурда, ар бир тайпадан тайпалык оюндардын жүрүшүндө эң көп упай топтогон экиден команда жарым финалдык оюндарга жолдомо алышат. Жарым финалдык оюндарда тайпадагы ээлеген ордуна жараша командалар кайчылаш (крест) беттеш өткөрүшөт.

**6. <u>Наразычылык (протест) жазуу</u>**

Наразычылык жазган команда калыстар тобуна оюн бүткөндөн кийин 1 сааттын ичинде жазуусу зарыл. Наразычылык жазган команданын кайрылуусу 500 сом өлчөмдө төлөм төлөгөндөн кийин калыстар тобу тарабынан каралат. Эгерде наразычылык канааттандырылса төлөм суммасы командага кайтарылат, канааттандырылбаса төлөм мелдештин фондуна которулат.

**7. <u>Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана сыйлоо</u>**

Бул турнирдин жеңүүчү командалары жана мыкты оюнчулары диплом жана баалуу сыйлыктар менен сыйланышат.

**9. <u>Өтүнүч (заявка) тапшыруу мөөнөтү, жазуу үлгүсү</u>**

ОшМУнун ЭАББПЖМнин **23-февраль Ата -Мекенди коргоо күнүнө карата Студенттердин ортосундагы** дени сак улут денисак жашоо аттуу Эстафеталык оюн боюнча турнир өткөрүү жөнүндө катышуу үчүн ______________ жогорку мектептин курама командасынын

**Өтүнүчү**

| № | Ф.И.О | Туулган жылы | Бөлүмү | Врачтын колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |

Команданын капитаны ______________________________________

Врачтын колу ______________________________________

**Эскертүү:** Ар бир студент мелдешке катышуучу командалар бирдей түстүү спорттук формада катышуусу зарыл. Мелдеш учурунда тартип бузган студентке командалар капитаны жооп берет жана уюштуручу топтун жетекчиси менен биргеликте башкы калыс тарабынан тийешелүү чаралар колдонулат, командалар мелдештен четтетилет.

Бардык суроолор боюнча байланышыңыз:

Окен уулу Шумкарбек тел. 0556-48-25-55

**Жооптуулар:**

**ЭАББПЖМнин директорунун тарбия иштери боюнча орун басары:** **Орозов М.О.**

**Мелдештин башкы калысы:**
**“Дене тарбия” мугалими:** **Окен уулу Шумкарбек.**

**Мелдештин катчысы:**
**“Дене тарбия” мугалими:** **Орозмамат уулу Ислам.**